# ЖОМОКЧУ – МАНАСЧЫЛЫКТЫН МЕКТЕПТЕРИ

**АБАКИРОВ КУРМАНБЕК**
*ф.и.к., доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУ*

Устат-шакирттик карым-катнаш өнүккөн аймактарда акырындап **манасчы-жомокчулуктун мектептери** келип чыккандыгы табыгий көрүнүш. Таланттуулугу менен элге кеңири таанылып, кадыр-барк алган, айткан «Манасы» шексиз түрдө караламан элдин урмат-сыйын жараткан жомокчу-манасчылар гана бир канчалаган шакирт күтүп, алардын ичинен да өзүнө теңчамал же керек болсо өзүнөн ашып түшкөн жомокчулар чыгып, алар айткан «Манастын» так ошол варианты айрым алымча-кошумчалар менен өркүндөтүлүп, салттуу мүнөз алганда гана алардын мектеби, же эпосту айтуунун гана эмес, ириде анын көлөмүнөн тарта ички структурасына тиешелүү формулдук стили, атүгүл аны аткаруу манерасына дейре калыпташкан манасчылардын топтору же шарттуу түрдө мектептери жөнүндө сөз кылууга болот.

Көпчүлүк гуманитардык илимдердегидей эле манастаанууда да изилдөөнүн объектиси болгон **конкреттүү материалдын (бул жерде «Манас» жана манасчылыктын) объективдүү көрсөткүчтөрү менен ага берилген мүнөздөмө сыпаттоолордун ортосунда ажырым,** дал келбөөчүлүк келип чыкпаганда гана алар нукура илимий-практикалык мааниге ээ болот. Көркөм материалдын маңызына төп келбеген ой-толгоолор жана бүтүмдөр эч кандай ишенич жаратпай турганын, алардын илимде жолу кыска болоорун манасизилдөөчүлөр адегенде эле түшүнүшкөн. Ошондуктан М.Ауэзов, К.Рахматуллин, Б.Юнусалиев, В.Жирмунский, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, О.Сооронов, С.Байгазиев өңдүү (ж.б.) илимпоздордун эмгектери сөз менен иштин ажырымына жол беришпегендиги менен өз маанисин жоготпой келет. Манасчылыктын мектептерин иликтеген учурда да алар колдо бар маалымат-булактардын турмуштук негиздүүлүгүн эске алышкан. Бул жагдайга адеп көңүл бурган **М.Ауэзов** устат-шакирт же «Манасты» ооздон оозго, муундан-муунга өткөрүп, традицияны сактоо жана улантуу менен манасчылыктагы мектептер маселелерин бирдикте караштырганы алардын чындыгында эле ажырымсыз байланышта турарын түшүнүүдөн улам келип чыккан. Себеби жомокчу-манасчылыктын калыптанып калган салттарын кабыл алуу, өнүктүрүү иштери жолго коюлган жерлерде гана анын мектептери келип чыгышы мүмкүн эле. Мына ушуну эске алуу менен М.Ауэзов «Манас» айтуучулардын өзүнө белгилүү болгон Нарын жана Каракол мектептерин көрсөтүп, негизги өкүлдөрү катары биринчисине Сагымбайды, экинчисине Саякбайды таандык кылып, экөөнүн ортосунда байкаларлык өзгөчөлүктөр бар экендигин сюжетти, окуялардын жайгашуусун, каармандардын курамын (ж.б.) кыскача салыштыруу менен далилдеп берет. Ал айырмачылыктар көбүнэсе эпизоддук персонаждарды, майдараак сюжеттик бутактанууларды, тигил же бул окуяны, каармандардын иш-аракеттерин мотивировкаланышын салыштырганда кыйла ачык көрүнөрүн белгилеп, өзөктүү сюжет жана 7-8 муундуу ыр түзүлүшү баарына текши таандык экендигин көрсөтөт (1, 20-21-б.) Ошол эле учурда М.Ауэзов бир мектепке кирген айтуучулардын варианттары бири-бирине биротоло жана кылдай айырмасыз окшош эместигин да белгилеп, бул көрүнүштү алардын жекече чыгармачылык дараметине жана изденүүсүнө байланыштырат.

М.Ауэзов өзүнүн мындай бөлүштүрүүсүн территориалдык принципке негизделген деп эсептебесе да, манасчы-жомокчулардын мындай топторунун калыпташуусуна алардын жашаган жерлеринин алыс-жакындыгы кайсы бир деңгелдеги таасирин жокко чыгарууга болбойт. Бирок ал кантсе да чыгарманын ички түзүлүшүндөгү алыстык-жакындыктарды эске алып жаткандыгы, ушунун өзү конкреттүү материалдын объективдүү көрсөткүчү экендиги шек жаратпайт. Манастаануучу **С.Мусаев** М.Ауэзов көрсөткөн мектептердин бар экендигин моюнга алып, бирок ал географиялык, уруулук, таптык жагдайлар менен чектелбей тургандыгын белгилеп, ал «ошол зор талант жараткан

варианттын көркөмдүк-эстетикалык таасиринин күчүнө тиешелүү көрүнүш, б.а., чоң талант кеңири массага өзгөчө терең таасир тийгизген вариант жараткан да, бара-бара эпосту ошол үлгүгө жакын айткан анын тарапкерлери пайда болуп, манасчылык кесиптин өзүнчө школасы түзүлгөн», - деп жазат (2, 143-б.). С.Мусаев манасчылык өнөрдөгү мектептердин так санын, алардын түзүүчүлөрүн так кесе айтуу кыйын экенин, мектептик көрүнүш болуу үчүн окуялардын системасы, ички мазмуну боюнча айырмалардан тышкары (1) ал көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуусу (2) жана ошол багыттын улантуучулары болушу (3) шарт экендигин адилет белгилеп, бирок алардын андан аркы түйүндүү маселелерине терендеп кирген эмес.

М.Ауэзовдун манасчылык мектептер тууралуу ойлорун К.Рахматуллин, В.Жирмунский өңдүү илимпоздор колдоого алышып, байкаларлык алымча-кошумча деле киргизишпесе, **Р.Кыдырбаева** бири-биринен изоляцияланган манасчылык мектептер жок экендигин туура белгилеп, жомокчу-манасчыларды (1) **Чүйлүк** (Келдибек, Балык, Найманбай, Акмат Рысмендеев ж.б.); (2) **Ысык-Көлдүк** (Чоңбаш, Акылбек, Доңузбай, Назар, Тыныбек, Чоюке, Азиз, Шаабай, Саякбай, Мамбет Чокморов, Ыбрай Абдрахманов, Уркаш Мамбеталиев, Алмабек Тойчубеков, Мамбеталы Ашымбаев ж.б.); (3) **Тянь-Шандык** (Шапак Рысмендеев, Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкулов, Багыш Сазанов, Дуңкана Кочукеев, Сагымбай Орозбаков ж.б.) жана (4) **Түштүктүк** (Жаңыбай Кожеков, Мурат Калбаев, Чоодон, Тагай Бекмуратов, Бөрүбай Султанов, Чал Садыков, Акун Ташев ж.б.) айтуучулардын топторуна, алардын жалпылык, жекелик өзгөчөлүктөрүнө таасын мүнөздөмө берет (3, 12-69-б.). Р.Кыдырбаева Таластык манасчылар (5) болгондугун, бирок алардан жазылып калган тексттер жоктугунан улам кандайдыр бир бүтүмдөр чыгаруу мүмкүн эместигин белгилей кетет. Немис фольклористи **К.Райхл** өзүнүн салмактуу эмгегинде уул бөлүштүрүүнү кабыл алат (7, 76-б.).

Кийинчерээк бул маселеге атайын кайрылган белгилүү фольклорист **М.Мамыров** Омор Сооронovдун «Манасчыларды мектептерге бөлүүдө территориясына эмес, жазылып алынган варианттарынын мазмуну жана формасы жагынан болгон жакындашууларына карата бөлүштүрүү зарыл» деген бүтүмүнө каршы чыгат да, **«жомокчулардын мектеби алардын стили менен гана аныкталат.** Стилде жомокчунун көз карашы, түшүнүүсү, көркөм ойлоосу, аны бере билүүнүн ар кыл ыктары менен ар башка көркөм сүрөттөө каражаттары бириктирилип берилет. Ушул айтылгандар бардык жомокчуларда коендой окшош жаралып бирдей калыптанбайт. Үйрөнгөн окутуучусунун стилине жакындатылып, өзүнүн талантына жараша жетилтүүлөрү менен гана окуучунун жомокчулугу түптөлөт» - , деп жазат (4). М.Мамыров мурунку эпикалык салттын негизинде гана жомокчунун жекелик стили жарала баштарын, ага «жомокчунун айтып берүү манерасы менен чеберчилиги б.а., артисттик өнөрү да кошуларын» белгилеп, бирок эмнегедир мазмун, форма, стиль түшүнүктөрүндөгү жалпылык менен өзүнчөлүктөрдүн ажатын ачпайт да, манасчылыкты кенже эпостордун таралыш ареалы, комузчулардын композитордугу (күүлөр) жана тигил же бул жомокчудагы салыштыруулардын үндөштүгү менен аралаш карап, акырында **«кыргыз жомокчуларынын мектептери… территориялык жагынан гана бөлүнөт»** деген бүтүм менен кайра М.Ауэзовдун пикирин толук колдоого алат (4). Мунун менен бирге М.Мамыров «жомокчулардын Талас менен Түштүк мектеби өткөн мезгилдерде бирөө эле эмес, алардын бир нечеси да болгон сыяктанат. Азырынча аларды Талас менен Кетментөбө жана ичкиликтердин мектеби деп экиге бөлө турууну гана ылайык көрдүк. Ичкиликтердин мектеби Чоңалай менен Тажикстандын Мургаб районундагы аймактарда гана айтылат. Ал жерде «Манас» жөө жомок түрүндө гана сакталган деп жазат» (4). Окумуштуу жогоркудай ой-пикирлерин кыйла ишенимдүү далилдеп берет, бирок алар мындан терең жана кеңири түшүндүрүүгө муктаж экендиги байкалып турат.

Жомокчуларды мектептерге бөлүштүрүү табыгий түрдө колдо бар варианттарды, алардын ичнен Сагымбай, Тыныбек, Багыш, Тоголок Молдо, Саякбай (ж.б.) өңдүү жомокчулардын толук жана жеткилең деп эсептелген варианттарын салыштыруу аркылуу

жүзөгө ашырылып келди. Бирок бул иш алда канча терең жана ар тараптуу иликтениши зарыл экендиги айкын көрүнүп турат. Анын үстүнө жомокчулук мектептери Кыргызстандын территориясы менен гана чектелип, Кытай, Памир кыргыздарынын «Манасы» андан сырткары калгандыгы да анын өксүктөрүнүн бири болуп келди. Өзгөчө Кытай кыргыздарында «Манастын» кеңири таралып, ондогон күчтүү манасчылардын жашап келиши бул маселени иликтөөнүн чегин кеңейтип, алардын «Манасы» кайсы мектептке кирерин айкындоо маселесин күн тартибине койду.

«Синьцзян элдик оозеки чыгармачылык коому тарабынан 1961-жылдан 1964-жылга чейин жыйналган жана сакталып жаткан эпостун 48 варианты бар», - деп жазат изилдөөчү Г.Абдалиева (5, 100-б.). Бул маалыматка андан кийин жыйналган варианттар кошулган эмес. Бирок жазылып алынган ошол варианттар шарттын оордугуна байланыштуу кыскартылып, же айрым бөлүктөрү гана кагазга түшүрүлгөнүн Кытай кыргыздарынын белсемдүү адабиятчысы **М.Мамбетакун** белгилей келип: «Ч.Валиханов менен Радлов жаздырып алган «Манас» менен 100 жылдан кийин, 60-жылдары Жунгодо жазып алынган «Манастын» коендой окшошуп келгендиги бизди таң калтырат», - деп жазат (6, 218-б.).

М.Мамбетакун манасчылыктагы мектептер тууралуу бир катар жаңы ой-толгоолорду ортого салат. Алар жөн эле жылаңач ойлор эмес, көбү изилденип жаткан предметтин объективдүү табиятынан келип чыккан жүйөлүү, ынанымдуу ой-пикирлер экендиги да күмөнсүз. Окумуштуу «Манастын» «ички гармониясын… анын эпостук формуласын кан-жанына сиңирип алышкан манасчыларды жаратуучулар эмес – мураскерлер, **«бир манасчы бир жактан болуп, бир жактан устаз болгон… бир жактан кабылдап, бир жактан таратып турган»,** ушунун негизинде гана манасчылар мектеби тууралуу сөз кылууга болот деп эсептейт да: **«эпостук кесипти ыргылжың болбой туруп эле эң алды менен «Манас» мектеби, «Семетей» мектеби, «Сейтек» мектеби деген үч топко бөлүүгө болот»,** - дейт (6, 220-б.). Анын пикиринде Саякбай, Тоголок Молдо, Багыш, Жусуп Мамай өңдүү эпостун үч же андан ашык бөлүмдөрүн билген, аткарган жомокчулардын болушу буга тоскоол болбойт, себеби жүздөгөн манасчылар эпостун «айрым гана бөлүктөрүн арналуу кесип катары айтышкан жана ошол жөрөлгөнү уландырган» (6, 221-б.). Сагымбай өзүн манасчы эмес семетейчи атаганын, атактуу жомокчулар деле эпостун үч бөлүмүн бир даражада аткарышпай, алардын бирине көбүрөөк ыктагандыгын эске алып, же М.Мамбетакун өзү жазгандай «манасчылардын кесиптик атак-даңкына, кийинкилерге калтырган таасирине, айткан вариантынын сан жана сапатына, анын жолдогон шакирттердин болгон-болбогонуна» карасак, **«манасчыларды Тыныбек мектеби, Сагынбай мектеби, Эшмат мектеби, Жүсүп Мамай мектеби дегендей топторго бөлүүгө болот»** экен. Мындай пикирин илимпоз бир катар манасчылар айткан «Манас», «Семетей» эпосторундагы ар кайсы бөлүмдөрдүн окшоштугун жана айырмалуу жактарын салыштыруу менен айгинелеп берет. Ырасында эле мындай манасчылык мектептердин жашап келгендигине шек кылбай туруп, бул маселе алда канча тереңдетилип иликтениши зарыл экенин белгилей кетүү керек.

Жогортодо айтылгандарды жалпылай келип жомокчулардын Каракол, Нарын (М.Ауэзов), же Р.Кыдырбаева белгилеген Ысык-Көл, Тянь-Шань, Чүй жана Түштүк, аларга кошумчалап М.Мамыров көрсөткөн Талас, Кетментөбө жана ичкилик мектептери болгондугу, бул бөлүштүрүү территориялык принципке негизделип, ошондон улам табигый коомдук-социалдык факторлорго таянганы анык болсо, кытайлык илимпоз М.Мамбетакун конкреттүү чыгарманын таасын өзгөчөлүктөрүнө таянуу жана алардын окшош-айырмалуу жактарын айкындоо менен сунуштаган «Манас», «Семетей», «Сейтек», андан ары Сагымбай, Саякбай, Эшмат (ж.б.) мектептери деген бөлүштүрүүсүнүн жашоого укуктуулугун тануугa болбойт. Географиялык бөлүштүрүүгө М.Мамбеттурду өзү изилдеп мыкты билген Синьцзян кыргыздарындагы манасчылыктын Памир мектебин да кошуп, аны объктивдүүлүгүн **Реми Дор** жазып алган афган кыргыздарындагы «Манастын» үзүндүсүнөн тарта Абдылда Дөөлөт, Жаңыбай Кожек, Калыбек Жумагул, Лапаз Көккөз, Матсак Акдай, Төрө Жума, Шаабай Чолу, Сейде Дейди кызы, Кыдыраалы Кайназар

сыяктуу манасчылардын варианттарындагы өзгөчөлүктөр менен далилдейт (кара сөз менен ырдын аралашуусу, ыр түзүлүшүнүн өлөңгө жакындыгы, обондун башкалыгы, архаика менен мифологиянын басымдуулугу ж.б.). Мындай өзгөчөлүктөр өзүнөн өзү келип чыкпай кайсы бир чоң манасчынын устаттыгы (таасири) менен салттуу түр-түспөлгө ээ болуп, калыпка түшкөнү да шексиз. Бул маселени жыйынтыктай келип, буларды белгилөө зарыл:

1. Манасчылыктагы устат-шакирт маселеси менен жомокчулуктун мектептери маселеси өтмө катар, эриш-аркак байланышта турат десек болот, тагыраак айтканда, дасыккан жомокчудан өсүп келаткан манасчылар үйрөнбөгөн, таалим албаган жерде манасчылыктын мектептери, же мураскордук сыпатка ээ болгон чыгармачылыктын өрүш алуусу мүмкүн эмес болуп чыгат.
2. Мураскордук б.а. жомокчу-манасчылыктагы салт улоочулук үзгүлтүксүз процесс болуп эсептелет. Бул процесстин үзгүлтүккө учуроосу мүмкүн эмес. Эгерде ал үзгүлтүккө учураса, ал элдин маданий-рухий керектөө-талабын канааттандырбай калганын, демек ал андан ары жашап, өнүгүүгө татыксыз экендигин билдирет. Кандайдыр бир обьективдүү себептерден улам аз аткарыла баштаган чыгарма да андан ары өнүгүүсүн дээрлик токтотуу жолуна түшөт.
3. Жомокчу-манасчылык мектептери анын залкар өкүлдөрүнүн (Чоюке, Чоңбаш, Тыныбек, Багыш, Келдибек, Сагымбай ж.б.) тикелей таасири менен кийинки муундагы манасчылар үчүн өзүнчө эле көркөм-руханий устакананын милдетин аткарган. Андан жаш манасчылар айлап-жылдап эпикалык чыгармачылыктын чар тарабын өздөштүрүп, чеберчиликтерин арттырып, биротоло жомокчулуктун узак жана машакаттуу жолуна түшүшкөн.
4. Жомокчулукту мектептерге территориялдык принцип боюнча бөлүштүрүүнүн (М.Ауэзов, М.Мамыров, Р.Кыдырбаева, М.Мамбеттурду ж.б.) табигый мүнөзгө ээ болуп, анын өткөндөгүсүнүн реалдуу абалын чагылдырып турат. Ал мектептер бири-биринен ажырап калбастан тынымсыз алакада болуп, бири-бирине таасир тийгизип келген, бирок ошол аймактагы жомокчулукка мүнөздүү болгон белгилер (сюжеттик түзүлүшү жана образдар системасы, көркөмдүүлүк жана аткаруучулук өзгөчөлүктөр ж.б.) басымдуулук кылган. Ушунусу менен алар өз-өзүнчө мектептер катары каралууга татыктуу болот.
5. Кытайлык кыргыз илимпозу М.Мамбетакундун манасчылык боюнча «манасчылар», «семетей», «сейтекчилер» деген бөлүштүрүүсү, аларды андан ары конкреттүү залкар манасчынын (Тыныбек, Чоюке ж.б.) чыгармачылык өзгөчөлүктөрү боюнча ажыратуусу колдоого татыйт жана конкреттүү иликтөөлөр аркылуу кеңейтип, тереңдетүүнү талап кылып турат.
6. Бир мектепке тиешелүү жомокчулардын варианттары топтолугу менен бири-бирине окшош болушу мүмкүн эмес. Аларда эпоско мүнөздүү болгон негизги салттык өзгөчөлүктөр толук сакталганы менен майда-барат айырмачылыктар кездеше берет да, ал айтуучунун индивидуалдуулугу (төкмөлүк жөндөмү, эстутуму, артистизми, жекече көз караш-түшүнүгү ж.б.) менен түшүндүрүлөт.

**Адабияттар**

1. Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма «Манас». – Китепте: Киргизский героический эпос «Манас»: Сборник статей. – М., 1961.
2. Мусаев С. Манасчылар. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы: «Манас» жана манасчылар. II том. / А.Акматалиевдин жалпы ред.аст. / - 2-бас. – Б., 2004.
3. Кыдырбаева Р. Сказительское мастерство манасчи. – Ф., 1984.
4. Мамыров М. Жомокчулардын мектеби болгонбу? – Адабий Алатоо, №6,7,8. 2008-ж. (март, апрель).
5. Абдалиева Г. Кытайлык кыргыздардын маданияты. – Б., 2009.
6. Мамбеттурду Мамбетакун. Кыргыз эл ооз адабиятынын памир мектеби. –

Шинжаң эл басмасы. Үрүмчү ш., 2009.
7. Райхл К. Тюркский эпос: традиции, формы, поэтическая структура. Пер.с англ. В. Трейстер. – М., 2008.